7- класс

Евразиянын физикалык географиялык абалы.

Сабактын максаты:

1.Билим берүүчүлүк: окуучуларга Евразия материгинин физикалык географиялык абалы, четки чекиттери, материктин жээктеринин тилмелениши, аралдары, жарым аралдары туурасында маалымат берүү.

2.Тарбия берүүчүлүк: алган билимдерин турмушта пайдаланууга, жаратылышты коргоого тарбиялоо.

3. Өнүктүрүүчүлүк: окуучуларды логикалык ой жүгүртүүгө, өз оюн эркин сүйлөөгө, билим, билгичтиктерин өнүктүрүүгө багыттоо.

Сабактын тиби: жаңы теманы өздөштүрүү.

Сабакты өтүүнүн методу: интерактивдүү, көрсөтмөлүү, түшүндүрмөлүү.

Сабактын формасы: топтордо иштөө, окуучулардын ой жүгүртүүсүн калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы: Дүйнөнун физикалык картасы, Дүйнөнүн жарым шарларынын картасы, глобус, атлас,  карточкалар.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу, саламдашуу, үйгө берилген тапшырманы кайталоо. Карточкаларда берилген суроолорду берүү.

1- этап: балдарга жаңы теманын атын табуу үчүн табышмак айтам.

Бул материкте эң бийик тоолор –

Тибет, Алтай, Памир, Карпат.

Бул тоолорду баардык дүйнө билет.

Бул жерде Объ, Ангара, Дон, Волга, Лена, Инд, Ганг, Хуанхе дарыялары бар.

Бизге эң жакын, сүйүктүү.

Окуучулар: Евразия материги

Мугалим: ооба балдар туура таптыңар, бул Евразия материги. Ал эми акыркы сүйлөмдө кызыктуу сөз болду эмне. “ Бизге эң жакын, сүйүктүү евразия” ?

Окуучулар: Анткени биз бул материкте жашайбыз.

Мугалим: Туура азаматсыңар балдар. Евразия – жаратылыштын кереметтери топтолгон, кайталангыс материк.

( слайд1,2,3,4,5)

Чудеса природы Евразии

1. долина тсячи и одной сказок- одно из лучших мест Каппадоки. Турция

2.есть в Китае необычайно уникальное творение природы – шилинь, что в переводе с китайского означает “ Каменный лес”.

3. памукале (турецкая хлопковая крепость) – природные бассейны минеральной воды с температурой примерно 35 С. Турция .

4. Рисовые поля в китае.

5. так выглядит еверест на закате.

Мугалим: биз бүгүнкү сабагыбызда акыркы 6-чы материкти өтөбүз.

Бул убакка чейин материктерди өтүп жатканда балдар эстегилечи биринчи эмнеден баштачу элек.

Окуучулар: материктин географиялык абалы.

Мугалим: евразиянын физикалык географиялык абалы. Материк көлөмү жагынан башка материктерден биринчи орунда турат. Аянты 54 млн.км. эки дүйнө бөлүктөрүнөн турат. Европа жана Азия. Европага10 млн.км.кв. азияга 44 млн.км.кв. туура келет. Европа жан Азиянын чеги Урал тоолорунун чыгышы, Эльба дарыясы, Каспий дензинин түндүк жээги, Кума- маныч чуңкуру, Азов, Кара жана Жер ортолук деңздери жана аларды бириктирип туруучу кысыктар аркылуу өтөт. Материк өтө чоң болгондуктан жаратылышы өтө татаал. Артүрдүү, бардык климаттык алкактар жана жаратылыш зоналар бар. Төрт океан жана алардын денздери менен курчалган.

Европа менен азиянын аталышы ассириялыктарча Эреб- батыш жана Асу- чыгыш дегенди билдирет. Материкти Африкадан суэц каналы, тундүк Америкадан Беринг кысыгы бөлуп турат. Түндүктөн түштүккө 8000 км, батыштан чыгышка 16 000 км созулат.

Материкте Түндүк жарым шарда сууктун уюлу- Оймякон (-70С), эң ысык жер – арап жарым аралы (жылына 44 мм жаан жаайт), дүйнөдөгү эң жаанчыл жер черапунджи 9 жылына 12 000мм жаайт. 1861- ж. 22 900мм жааган), дүйнөдөгү эң бийик чоку – Жомолунгма бийиктиги 8848м, кургактыктын эң чункур жери Жансыз деңиз ( -395м)

Кластер

Материктин географиялык абалынын планы

1. экваторго карата-

2.нольдук меридиан багыты боюнча

3.кайсы океандар менен чектешкен

4.башка материктерге карата жатышы.

5.четки чекиттери.

2- этап: окуучуларды группаларга бөлүп суроолорду берүү.

1 группага

1.тапшырма.

Материк кайсы океандар менен курчалган ?

а) тундугүнөн......

б) туштүгунөн......

в)батышынан......

г)чыгышынан....

2. тапшырма.

Кандай деңздер курчап турат?

а)Түндүк муз океанынын деңиздери...

б)Тынч океанынын деңиздери...

в)Инд океанынын деңиздери...

г)Атлантика океанынын деңиздери...

2- группага

1- тапшырма

а)Европа менен Азияны болуп турган чек араны корсөткүлө.

б)Тундук Америка менен Африканы кайсы кысыктар бөлуп турат.

в)Суэц каналын картадан көрсөткүлө.

г)Суэц каналы кайсы океан, дензздерди бириктирип турат.

2-тапшырма

а)Арал деген эмне?

б)Картадан төмөнку аралдарды тапкыла. Исландия,Ирландия, Великобритания,Сицилия, Шри-Ланка, Сахалин.

в)эн чоң Евразиянын жээгиндеги арал кайсы?

г)Архипеллаг деген эмне?

Картадан Шпицберген, Жаңы Жер, Курил аралдары, Япон аралдары, Филлипин аралдары.

3-группа

1- тапшырма

а)жарым аралдеген эмне?

б)картадан Пиреней, Скандинавия, Кола жарым аралы, Таймырь, Чукот, Камчатка, Корей, Индокитай, Индостан, Арап, Кичи Азия, Балкан.

в)эң чоң дүйнөдөгү жарым арал?

г)аянты боюнча эң чоң деңиз?

д)эң терең деңиз? Эң чоң булуң?, тустүү деңздерди атап бер.